# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА САЯСАТТАГЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК



Опыт женщин-кандидатов на выборах 2021 года

КЫСКАЧА ВЕРСИЯСЫ

ООН ЖЕНЩИНЫ

# Мазмуну


Контекст: Кыргызстанда саясаттагы аялдар туш болгон кыйынчылыктар . . . . 1
Саясаттагы аялдарга карата зомбулук деген эмне? . . . . 2
Изилдөөнүн максаты . . . . 3
Методология . . . . 3
Маалыматтарды чогултуу . . . . 5
Кыргызстанда аял-талапкерлер кимдер? . . . . 7
Расмий даттануулар кимге жөнөтүлдү? . . . . 19
Сунуштар . . . . 22

# Ыраазычылыктар

Бул изилдөө “БУУнун-аялдар” түзүмүнүн саясаттагы аялдарга карата зордук-зомбулук жөнүндө салыштырмалуу маалыматтарды чогултуу үчүн шайкеш сурамжылоо куралдарын иштеп чыгуу боюнча глобалдык демилгесинин бир бөлүгү болуп саналат. Изилдөө Кыргыз Республикасындагы «БУУ-Аялдар» түзүмүнүн кеңсесинин командасынын жетектөөсү менен жүргүзүлдү.

«БУУнун Аялдар» түзүмүнүн Нью-Йорктогу штаб-квартирасында жана Стамбулдагы аймактык кеңсесинде жайгашкан техникалык топ изилдөөнү иштеп чыгууга, сурамжылоо анкетасын иштеп чыгууга, анализдөөгө жана натыйжаларды структуралоого алмаштыргыс салым кошту. Бул биргелешкен команданын курамына Ионика Беревоеску, Джули Баллингтон, Сагипа Джусоева, Рейчел Уэстон, Хункал Пласола Кастано жана Рафаэль Рафин кирди.

Изилдөө «Evidence Central Asia» изилдөө уюму тарабынан Элнура Казакбаеванын жетекчилиги алдында жана “БУУнун – аялдар” консультанты жана Кыргыз Республикасынын парламентинин экс-депутаты Наталья Никитенконун колдоосу менен жүргүзүлдү. Отчетту даярдоону доктор Шаирбек Жураев жетекчилик кылды.

Жергиликтүү шайлоолорго 1106 аял талапкер жана парламенттик шайлоого 105 аял талапкер анкетага жооп берип, фокус-группаларга жана тереңдетилген интервьюларга катышпаса, изилдөө мүмкүн болмок эмес. Биз аларга убакыт бөлүп, биз менен тажрыйба бөлүшкөнү үчүн терең ыраазычылык билдиребиз.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (БШК) төрайымы Нуржан Шайлдабековага жана БШКнын шайлоону уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Махабат Кожокеевага кызматташтыгы үчүн өзгөчө ыраазычылык билдиребиз

Сурамжылоону жүргүзүү Швециянын эл аралык өнүктүрүү кызматташтык агенттигинин «БУУ-Аялдар»түзүмүнүн стратегиялык өнөктөштүгүнүн алкактык документине кошкон зор салымы аркылуу мүмкүн болду.

# Контекст: Кыргызстанда саясаттагы аялдар туш болгон кыйынчылыктар

Эгемендик алган 1991-жылдан бери Кыргызстан өзүнүн ачык саясий системасы, эркин маалымат каражаттары жана активдүү жарандык коому менен белгилүү болгон Борбордук Азиядагы «демократия аралы» деп аталып келет.[1] Мындай оң баага карабастан, өлкөнүн саясий абалы болуп көрбөгөндөй гендердик теңсиздикти көрсөткөнү 2005-жылкы окуялардан байкалып турат. Ошол жылы өткөн парламенттик шайлоо дүйнөлүк маалымат каражаттарынын баш макалаларына айланып, «Жоогазын революциясы» деп аталган саясий режимдин алмашуусуна түрткү берген. Ушул эле шайлоодо таң калыштуусу жалаң эркектерден турган парламент түзүлдү. Бул ошондогу тенденциянын туу чокусу болду – мурунку эки шайлоонун натыйжасында аялдар 7%дан ашык орунга ээ болушкан эмес. Мындай көрсөткүчтөр Кыргызстандагы демократиялык процесстин системалуу көйгөйүн ачыкка чыгарды жана ири реформаларды жүргүзүүгө түрткү болду. Натыйжада өлкөдө парламент жана жергиликтүү кеңештер үчүн 30 пайыздык гендердик квота киргизилди.

Шайлоолордо сакталып жаткан гендердик тең салмактуулуктун бузулушу Кыргызстандын саясий ландшафтында эркектер үстөмдүк кылып жатканын айгинелейт. Өлкөнүн президенти аял болгон учурда аймактар үчүн көрүнүктүү жана сейрек кездешүүчү абалга карабастан аялдардын саясатка катышуусунун жана лидерлигинин жалпы көрсөткүчтөрү начар бойдон калууда. Эгемендик алгандан бери Кыргызстанда 26 премьер-министр алмашкан болсо, алардын бири дагы аял болгон эмес. 2024-жылдын февраль айына карата министрлер кабинетинин 21 өкүлүнүн үчөө гана аялдар.[2] Министрдин орун басарларынын деңгээлиндеги көрсөткүчтөр ого бетер төмөн: 2020-жылдагы анализге ылайык, 55 министрдин орун басарларынын ичинен 5и гана аялдар болгон.[3] Мындай тарыхый контекст аялдарды шайлай албагандыгын гана эмес, аялдарды маанилүү саясий ролдорго кабыл алууну каалабагандык жана саясий чөйрөдөгү гендердик теңчиликте терең тамыраган маданий жана структуралык каршылык деп баса белгилесе болот.

Дүйнөлүк рейтингдер жогорудагы тенденцияларды тастыктайт. 2024-жылдын январына карата Кыргыз-

1 Мисалы, Джон Андерсондун макаласын караңыз Kyrgyzstan: Central Asia's Island of Democracy? («Кыргызстан: Борбордук Азиядагы демократиянын аралыбы?») (Routledge, 1999-ж.).
2 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, «Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн тизмеси», 21-Апрель, 2024-жыл, https://www.gov.kg/ru/gov/s/103.
3 Социалдык технологиялар ассоциациясы, «2020-жылдын 4-октябрында өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун гендердик мониторинги боюнча отчет» (Бишкек, 2020), 14.

стан улуттук парламентте аялдардын өкүлчүлүгү боюнча 187 өлкөнүн ичинен 111-орунда турат.[4] Мындан тышкары, гендердик ажырымдын Глобалдык индексинде Кыргызстан 146 өлкөнүн ичинен 86-орунда, бирок аялдардын «саясий ыйгарым укуктары» боюнча 111-орунда турат.[5]

Саясатта бирдей өкүлчүлүккө жетишүү үчүн олуттуу тоскоолдук аялдарга карата зомбулук болуп саналат. Ошол эле учурда, саясаттагы аялдарга карата зомбулуктун мүнөзүн жана масштабын түшүнүүгө багытталган изилдөөлөр аз. Эң маанилүүсү ЕККУнун буйрутмасы менен жүргүзүлгөн изилдөө болду, анын жүрүшүндө Кыргызстандын эки облусунда аял-талапкерлердин онлайн сурамжылоосу жүргүзүлдү.[6] Анда Кыргызстанда саясаттагы аялдарга карата зомбулук «кеңири жайылган көрүнүш» катары каралып, сексуалдык ыдык көрсөтүү жана психологиялык зомбулук эң көп кездешет деген тыянак чыгарышты. Изилдөөлөр баалуу тыянактарды чыгарганына карабастан, анын масштабы жана ыкмалары өлкөдөгү аял-талапкерлердин арасында саясаттагы аялдардын зомбулугунун (САЗ) жайылышын баалоого мүмкүндүк берген жок.

## Саясаттагы аялдарга карата зомбулук деген эмне?

САЗды изилдөө боюнча негизги түшүнүктөрдү жана мамилелерди аныктоодо БУУнун эки документине таянат: «Саясаттагы аялдарга карата зомбулукту жана шайлоодогу аялдарга карата зомбулукту алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгуу колдонмолору».

«БУУ–аялдар» түзүмү жана БУУнун Өнүктүрүү Программасы тарабынан даярдалган «Шайлоодо аялдарга карата зомбулукту алдын алуу: программаларды иштеп чыгуу боюнча колдонмодо» САЗ төмөнкүчө аныкталат: ***«САЗ — аялдардын саясий укуктарын коомдук же жеке жайларда жүзөгө ашыруусуна, добуш берүү укугуна ээ болуусуна жана мамлекеттик кызматтарды ээлөөсүнө, жашыруун добуш берип же шайлоо кампанияны эркин жүргүзүүсүнө, чогулуп же биригүүлөрүнө, эркин пикир айтып, оюн билдирүүсүнө тоскоол болуучу гендердик зомбулуктун физикалык, сексуалдык, психологиялык зыян тартуусуна же азап-тозокко алып келүүчү ар кандай аракет же коркунуч. Мындай зомбулук үй-бүлө мүчөсү, коомчулуктун мүчөсү же мамлекет тарабынан жасалышы мүмкүн».[7]***

4 Парламенттер аралык Союз, «Улуттук парламенттердеги аялдардын пайыздык өкүлчүлүгүнүн айына чыккан рейтинги», IPU Parline, 2024 г.
5 Дүйнөлүк экономикалык форум, Global Gender Gap Report 2022 (гендердик ажырым боюнча глобалдык отчет-2022), Insight Report, Июль 2022-ж., 16, https://www3.weforum.org/docs/WEF_GGGR_2022.pdf
6 З.Көчөрбаев ж.б.,«Кыргыз Республикасындагы саясаттагы аялдарга карата зомбулук: изилдөөнүн жыйынтыктары» (ЕККУ, январь 2022).
7 «БУУ– аялдар» жана БУУнун Өнүктүрүү Программасы, 23.

Жогорудагы аныктама ар тараптуу жана ушул изилдөөнү иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон бир нече маанилүү аспектилерди тактоого жардам берет. Биринчиден, САЗ зомбулук иш-аракетин да, зомбулук коркунучун да камтыйт. Экинчиден, аныктама а) САЗдын ар кандай түрлөрүн б) мындай зордук-зомбулук болушу мүмкүн болгон контексттерди в) жакын үй-бүлө мүчөлөрүнөн коомчулуктун мүчөлөрүнө жана мамлекеттик ишмерлерге чейинки ж.б. –айырмалоонун маанилүүлүгүн көрсөтөт.

## Изилдөөнүн максаты

Изилдөөнүн негизги максаты жергиликтүү кеңештерге жана улуттук парламентке шайлоодо аял-талапкерлерге карата зомбулуктун жайылышына баа берүү болгон.

Бул изилдөө так статистиканы алуу үчүн, шайлоо өнөктүгү учурунда аял-талапкерлерге карата зомбулук жөнүндө фактылык маалыматтарды топтоо үчүн талапкерлерди сурамжылоого негизделген.

Бул изилдөө саясаттагы аялдарга карата зомбулук жөнүндө салыштырылуучу маалыматтарды чогултуу үчүн стандартташтырылган сурамжылоо куралдарын түзүү боюнча «БУУ-аялдар» түзүмүнүн глобалдык демилгесинин бир бөлүгү болуп саналат. Изилдөө Evidence Central Asia изилдөө тобу тарабынан ишке ашырылган.

## Методология

Бул изилдөөнүн жогорудагы аныктамага ылайык келишин камсыз кылуу үчүн, сурамжылоодо зомбулук аракеттерин жана зомбулук коркунучтарын чагылдырууга багытталган суроолорду өзүнө камтыган. Мындан тышкары, суроолор психологиялык, сексуалдык зомбулук, сексуалдык ыдык көрсөтүү, экономикалык жана физикалык зомбулук сыяктуу зомбулуктун ар кандай түрлөрүн аныктоого багытталган. Акырында сурамжылоо аял-талапкерлер зомбулукка кабылышы мүмкүн болгон конкреттүү шарттарга же контекст болуп экиге бөлүнгөн. Шайлоо өнөктүгүнүн контекстиндеги зомбулукка басым жасалган талапкерлердин сурамжылоосу болгондуктан, үгүт процессинин айрым этаптарын жана жеке шарттарын чагылдырган жети контекст аныкталган:

1. Үгүт кампаниянын алкагындагы жеке үгүт иштери
2. Үгүт кампаниясын уюштуруу жана материалдарды даярдоо
3. ЖМК
4. Социалдык медиа жана байланыш каражаттары
5. Саясий партиялар
6. Үй-бүлө
7. Добуш берүү күнү жана орун бөлүштүрүү

Изилдөө сандык жана сапаттык компоненттерди өзүнө камтыган жана маалыматтарды чогултуу 2023-жылдын июль-сентябрь айларында жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн максаттуу тобуна жергиликтүү кеңештерге шайлоого талапкер болгон 8927 аял кирген, алар 28 шаардык жана 452 айылдык кеңештердин бирине ат салышкан. Изилдөөгө катышкан респонденттердин жалпы саны 1106 аял-талапкерди түздү. Сапаттык компонент сурамжылоого чейин жүргүзүлгөн сегиз фокус-группадан жана сурамжылоо аяктагандан кийин өткөрүлгөн он беш тереңдетилген интервьюдан турган. Мындан тышкары, улуттук парламентке аял-талапкерлер арасында өзүнчө чакан сурамжылоо жүргүзүлүп, ага 105 респондент катышкан.

Аял-талапкерлерге карата зомбулуктун жалпы жайылышын баалоо боюнча – негизги максаттан тышкары, изилдөө төмөнкү маалыматтарды алууга да багытталган:

- зомбулуктун кеңири таралган түрлөрү жана көбүнчө зомбулук менен байланышкан контексттер
- аял-талапкерлерге карата зомбулук көрсөткөндөр
- аялдардын зомбулукка дуушар болушуна таасир этүүчү тобокелдик факторлор
- САЗдын жабырлануучуларынын арыз берүүсү жана жардам издөө стратегиялары
- зомбулукка туш болгон аял-талапкерлердин бакубатчылыгына жана саясий карьерасына зомбулуктун тийгизген таасири.

# Маалыматтарды чогултуу

## Жергиликтүү парламенттик шайлоодо аял талапкерлер

Изилдөө сандык жана сапаттык маалыматтарды чогултууну өзүнө камтыйт. Сандык компонентке жергиликтүү кеңештерге аял-талапкерлерди сурамжылоо кирген. Респонденттердин жалпы саны 1 106 адамды түздү. Сапаттуу компонент сегиз фокус-группаны жана 15 тереңдетилген интервьюну камтыган.

Кыргызстандагы жергиликтүү кеңештерге шаардык кеңештер жана айылдык кеңештер кирет. Сурамжылоого 2021-жылдын апрелиндеги жергиликтүү кеңештерге шайлоого катышкан бардык аял-талапкерлер тартылган. Бул 28 шаардык жана 452 айылдык кеңешке шайлоо, аял-талапкерлердин жалпы саны – 8927.

Респонденттерди тандоо Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) берген ар бир кичи топтордун телефон номерлеринин базасынан компьютердин жардамы менен туш келди тандоо жолу менен ишке ашырылган.

Жооп бербегендердин саны жогору болгондуктан, негизинен шаарларда жана БШК тарабынан берилген телефон номерлери тууралуу маалыматтын эскиргендигинен улам толтурулган анкеталардын саны 1106 түздү, бул пландалгандан 1325ке аз.

### Жергиликтүү парламенттик шайлоого катышкан аял-талапкерлердин арасынан изилдөө катышуучуларын тандоо

| Негизги топтор | Ар бир чакан топтордун мүчөлөрүнүн саны | Тандоодогу адамдардын саны | Бүткөрүлгөн интервью |
|---|---|---|---|
| Шаардык кеңешке талапкерлер | 4 323 | 725 | 502 |
| Айылдык кеңешке талапкерлер | 4 604 | 600 | 604 |
| Бардыгы | 8 927 | 1 325 | 1 106 |

## Улуттук парламенттик шайлоодо аял-талапкерлер

Жергиликтүү кеңештерге талапкерлерди сурамжылоодон тышкары, изилдөө 2021-жылдагы шайлоодо улуттук парламентке ат салышкан аялдардын анча чоң эмес сурамжылоосун да камтыган. Аталган шайлоодо жалпысынан 368 аял-талапкер катталган, алардын 105и бул изилдөөнүн алкагында сурамжылоодон өткөн.

Кыргызстандын бир палаталуу улуттук мыйзам чыгаруу органы болгон Жогорку Кеңеш 90 депутаттан турат жана шайлоолор аралаш шайлоо системасы боюнча өтөт. Тактап айтканда, 54 орун пропорционалдык өкүлчүлүк (ПӨ) тутуму боюнча бөлүштүрүлөт, ал эми калган 36 орун бир мандаттуу округдарда мажоритардык шайлоо жолу менен толтурулат. 2021-жылдагы шайлоодо ПӨ системасы боюнча алган 54 орун үчүн 21 партия ат салышкан.

Борбордук шайлоо комиссиясынын (БШК) маалыматы боюнча, шайлоого ПӨ системасы боюнча 368 аял, ошондой эле мажоритардык шайлоого катышкан 30 аял катышкан. Алардын ичинен 91 аял ПӨ системасы боюнча шайлоого алты партиядан (шайлоого катышкан 21 партиянын ичинен) жана 14ү мажоритардык система (МС)  боюнча шайлоого катышкан.

### Парламенттик шайлоодо аял-талапкерлердин арасынан изилдөө катышуучуларын тандоо

| Аял-талапкерлердин чакан топтору | Аял-талапкерлердин саны | Сурамжылоого катышкан аял-талапкерлердин саны |
|---|---|---|
| Талапкерлер – ПӨ | 368 | 91 |
| Талапкерлер – МС | 30 | 14 |
| Бардыгы | 398 | 105 |

Бардык аял-талапкерлердин байланыш маалыматы жок болгондуктан, тандоонун көлөмү жана курамы чектелген. Аял-талапкерлер сурамжыланган алты партиянын ичинен бешөө шайлоо босогосунан ашып парламентке өтсө, бирөө мандат алган жок. Натыйжада, ыңгайлуулук тандоосу ийгиликтүү партиялардын респонденттерине карата бир жактуу болгон. Мындай курам изилдөөнүн натыйжаларына потенциалдуу таасирин тийгизет: шайлоо босогосун аттайбыз деген минималдуу күтүүлөрү менен шайлоого катышкан партиялардын көбүнөн айырмаланып жогорку үлүшкө ээ ири партия-

ларда (акыры парламентте өзүнүн өкүлчүлүгүн камсыз кылган) САЗ жогорку деңгээлде болушу ыктымал.[8]

Саппаттык маалыматтар компоненти. Изилдөөнүн сапаттык компоненти сегиз фокус-группаны жана аял-талапкерлер менен 15 тереңдетилген интервьюну камтыды. Сурамжылоого чейинки фокус-группалар изилдөө тобуна контекстти жакшыраак түшүнүүсүнө жардам берип жана сурамжылоо анкетасын иштеп чыгуу үчүн негиз болду. Сурамжылоодон кийин жүргүзүлгөн тереңдетилген маектер Кыргызстанда саясаттагы аялдарга карата зомбулукка байланышкан маселелерди тереңирээк изилдөөгө мүмкүндүк берди. Респонденттер, бардык аял-талапкерлер зомбулукка түздөн-түз дуушар болушкан жана кокусунан эмес максаттуу тандоо аркылуу тандалып алынган.

# Кыргызстанда аял-талапкерлер кимдер?

**Коомдук активисттер, бирок саясатка жаңы келгендер**




8 Тогуз партия 1% дан 15% аз добуш алышты, алар 5% добушка ээ боло алышкан жок (парламентке өтүү үчүн улуттук босого).

## Жергиликтүү кеңештерге шайлоого катышуу тажрыйбасы (аялдар %)




## Орто жаштагы билимдүү аялдар.

Аял-талапкерлердин орточо жашы 48,4 жашты түздү, эң жаш аял талапкер 23 жашта,  эң улуусу 72 жашта. Белгилей кетсек, айылдык кеңештин талапкерлерине караганда (50 жаш) шаардык кеңешке талапкерлер бир аз жаш (орточо жашы 46,5 жаш) болгон. 40-49 жана 50-59 жаштагы талапкерлер эң көп топтордун катарына кирип, 30,6 жана 32,6% түзгөн. Ал эми бардык респонденттердин 97%   30 жаштан жогору болчу.

Көпчүлүк аял-талапкерлер жогорку билимдүү (67,6%) болсо, кесиптик (16,8%) жана орто (13,5%) билим алган талапкерлер болушкан. Респонденттердин аз бөлүгү (3,4%) майыптыгы бар экенин айтышкан.

## Негизинен үй-бүлөлүү, кыргыз улутундагы, билим берүү тармагында эмгектенгендер.

Аял-талапкерлер негизинен (77,2 %) никеде болушкан, ошондой эле топто жесирлер (9,8%), ажырашкандар (7,1%) жана турмушка чыга элек кыздар (4,6%) болгон.

Сурамжылоого катышкан аял-талапкерлердин басымдуу бөлүгү кыргыз улутундагы, андан кийин өзбек, орус жана казак улутундагы аялдар болгон (9-таблица). Тандоодо өлкөдө жашаган ири этникалык топтор көрсөтүл-гөнүнө карабастан, маалыматтар кыргыздардын эң көп өкүлчүлүгүн жана калктын этникалык курамына салыштырмалуу этникалык азчылыктардын жетишсиз өкүлчүлүгүн көрсөтүп турат.

### Саясат жолундагы негизги шыктануулар жана кыйынчылыктар (респонденттердин жалпы санынан пайыз менен)



**Аял-талапкерлер үчүн үгүт кампаниянын артыкчылыктары (респонденттердин жалпы санынан пайыз менен)**




Анкетадагы ачык суроо талапкерлердин шайлоо учурунда туш болгон кыйынчылыктарынын үч негизги категориясын аныктады:

- Документтердин татаалдыгы: Аялдар талапкер катары каттоого байланыштуу иш кагаздарындагы көйгөйлөрдү белгилешти.
- Жумуш, жеке жашоо жана шайлоо өнөктүгүнө катышуу ортосундагы баланс: Сурамжылоонун жүрүшүндө катышуучулар үй-бүлөлүк жана жумуш милдеттерин шайлоого байланыштуу иштер менен айкалыштыруунун татаалдыгын баса белгилешти.
- Каржылык кыйынчылыктар: Чектелген каржылык ресурстар талапкерлер үчүн чоң тосколдук болуп калды.

## НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР: ЗОМБУЛУКТУН ЖАЙЫЛЫШЫ ЖАНА ТОБОКЕЛДИК ФАКТОРЛОРУ

Сурамжылоого катышкан 1106 аял талапкердин 441и (39,9%) шайлоо өнөктүгү учурунда жок дегенде бир жолу зомбулукка кабылганын билдиришкен.




## ! НЕГИЗГИ ТОБОКЕЛДИК ФАКТОРЛОРУ: ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР, ТУРМУШКА ЧЫГА ЭЛЕК ЖАНА АЖЫРАШКАН АЯЛДАР, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖОГОРКУ БИЛИМДҮҮ ТАЛАПКЕРЛЕР ЗОМБУЛУККА КӨБҮРӨӨК ДУУШАР БОЛУШАТ

Шаардык кеңештерге аял-талапкерлердин арасында САЗдын жайылышы 48,6%ды түздү, бул айылдык кеңештерге шайлоолорго караганда бир топ жогору (32,6%). САЗдын жайылышы өзгөчө борбор шаар Бишкекте (69,4%) жана экинчи чоң шаар Ошто(61,5%) жогору. Шаар менен айылдын ортосундагы айырма партиялар көрсөткөн талапкерлер менен көз карандысыз талапкерлердин ортосундагы айырмачылыктарга коюлат, анткени шаардык кеңешке бардык талапкерлер партиялар тарабынан көрсөтүлгөн, ал эми айылдык кеңештердин дээрлик бардык мүчөлөрү (98%) көз карандысыз талапкерлер болгон.

Изилдөөнүн жыйынтыгы ар кандай үй-бүлөлүк абалдагы аялдардын ортосундагы олуттуу айырмачылыктарды көрсөттү. Үй-бүлөлүү эмес  (52,9%) жана ажырашкан аялдар (51,9%)башка топторго карагандаСАЗдын жабырлануучулары болушканы аныкталды.




Шайлоо кампаниясы учурунда зомбулукка дуушар болуу коркунучу жогорку билимдүү талапкерлер үчүн жогору болгон. Алсак, жогорку билимдүү жана магистр даражасына ээ талапкерлердин арасында зомбулуктун жайылышы 42,4% ды түзсө, билим деңгээли төмөн талапкерлердин арасында бул көрсөткүч 34,3% ды түзгөн.

Үй-бүлөлүк абалы жана билими шаар менен айылдын ортосундагы ажырымга байланышкан. Атап айтканда, турмушка чыга элек жана ажырашкан аялдар айылдык кеңештерге талапкерлердин арасында респонденттердин 7,3%ын жана шаардык кеңештерге талапкерлердин арасында 17,1%ын түзгөн. Ошол сыяктуу эле, жогорку билимдүү же магистр даражасына ээ талапкерлер шаардык кеңештерге шайлоодо 72,7% жана айылдык кеңештерге шайлоодо 66,2% түзгөн.

## Жаш талапкерлер зомбулукка көбүрөөк кабылышат

| Жаш курактык топ | Бардыгы | Жабырлануучулар | Жайылышы (% аялдар) |
|---|---|---|---|
| 40 жаш жана андан кичүү | 238 | 104 | 43,7 |
| 41-59 жаш | 699 | 278 | 39,8 |
| 60 жаш жана андан улуу | 169 | 59 | 34,9 |

## Өзбек улутундагы аял-талапкерлер зомбулукка көбүрөөк кабылышат



## ! НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР: ЗОМБУЛУКТУН ТҮРЛӨРҮ, КОНТЕКСТ ЖАНА ЗОМБУЛУК КӨРСӨТКӨНДӨР

***Кыргызстанда аял-талапкерлерге карата зомбулуктун эң кеңири тараган түрү болуп психологиялык зомбулук эсептелет.*** Респонденттердин 34,6% аны башынан өткөрүшкөн. Андан кийин сексуалдык ыдык көрсөтүү (10,7%) жана экономикалык зомбулук (9,1%) турат. Ал эми физикалык жана сексуалдык зомбулук, тескерисинче сейрек кездешет, алардын ар бири боюнча аялдардын 1% дан азырагы билдиришкен.

### Жок дегенде бир жолу зомбулуктун кайсы бир түрүнө кабылган аялдар

| Зомбулуктун түрлөрү | Саны | Пайыздык үлүш |
|---|---|---|
| Психологиялык зомбулук | 383 | 34,6 |
| Сексуалдык ыдык көрсөтүү | 118 | 10,7 |
| Экономикалык зомбулук | 101 | 9,1 |
| Физикалык зомбулук | 9 | 0,8 |
| Сексуалдык зомбулук | 6 | 0,5 |

Жеке үгүт иш-чаралары учурундагы зомбулук. Жалпысынан 244 аял-талапкер же бардык респонденттердин 22%ы шайлоо алдындагы үгүт иштеринин контекстинде жок дегенде бир зомбулукка туш болгонун айтышкан. Эгерде 854 талапкер эмес, 1106 талапкер түздөн-түз жеке үгүт иштерине катышкан болсо. анда зомбулуктун жайылышы 28,6% ды түзөт.

Социалдык тармактар бул зордук-зомбулукка эң көп кабылган жер. Аял-талапкерлер изилдөөдө камтылган бардык шайлоо контексттеринде зомбулукка туш болушкан, алардын ичинен социалдык тармактар, ЖМК жана үгүт учурундагы жолугушуулар масштабдуулугу менен айырмаланат. Социалдык тармактардагы зомбулуктун эң кеңири таралган түрүнө аялдар гендердик квотанын аркасында гана шайлоого катыша алды деген дооматтар кирген. Аял саясатчылардын биринин айтымында, мындай билдирүүлөр «квотага эмес, биринчи кезекте аялдарды талапкер жана саясатчы катары кемсинтүүгө багытталган». Үгүт кампаниясындагы жолугушууларда аял-талапкерлер көбүнчө саясий кызматтардагы аялдардын ролу жана жөндөмдүүлүгүн

сындаган, жалпы эле саясаттагы аялдарды кемсинткен пикирлерди угушкан. Ошондой эле алар талапкерлерге же аялдарга байланыштуу сексуалдык мүнөздөгү асылууларга же сунуштарга кабылган.

| Талапкердин ЖМК менен өз ара аракеттенүү учурундагы зомбулуктун түрлөрү | Жабырлануучунун саны |
|---|---|
| Журналисттер / модераторлор талапкердин үгүт иштериндеги маселелерге эмес, анын сырткы келбетине көңүл бурушат. | 32 |
| Талапкердин кесиптик жүрүм-турumu же тажрыйбасы жөнүндө жалган маалыматтарды таратуу | 18 |
| ЖМКда аял-талапкер тууралуу жеке маалыматты анын макулдугусуз жайылтуу | 16 |
| Журналисттер/модераторлор эркек талапкерлерге салыштырмалуу аял-талапкерге сүйлөөгө азыраак убакыт берүү | 12 |
| Талапкер-аялдын жеке жана сексуалдык жашоосу тууралуу жалган маалыматтарды таратуу | 11 |
| Дебат учурунда оппоненттер аял-талапкерди сөгүп, кемсинтип, басынтуу | 2 |

## МКТ (электрондук почта, телефондор) аркылуу зомбулуктун түрлөрүнө туш болгон талапкерлердин үлүшү)




***Үгүт учурундагы жолугушууларда көбүнчө зомбулук көрсөткөндөр жалпы жамааттардын мүчөлөрү болушкан***. Көпчүлүк аял-талапкерлерге карата зомбулук көрсөткөндөр уюмдун же коомдун мүчөлөрү жана саясий оппоненттердин жактоочулары, ошондой эле жамааттын лидерлери, мамлекеттик кызматкерлер жана өз партиясынын мүчөлөрү болушкан. Саясий партияларда аялдарга карата зомбулук жасаган адамдар, партиянын башка мүчөлөрү, ошондой эле партиянын лидерлери же партиянын жогорку даражалуу мүчөлөрү болуп кемүү тартибинде турган башка талапкерлер саналат. Үй-бүлөлүк контекстен алып карасак, жабыр тарткандардын жарымы белгилегендей, аял-талапкерлерге карата зомбулук негизинен күйөөлөр тарабынан жасалган.

## Саясий партиялардын ичиндеги аялдарга карата зомбулуктун формалары (зомбулукка дуушар болгон аялдардын саны)




***Добуш берүү күнү***, респонденттердин жалпы санынын 6,51% ы, 72 аял-талапкердин айтымында, добуш берүү күнү өздөрүнө же байкоочуларына карата зомбулукка кабылган. Алардын ичинен 37 аял шайлоо участкаларында сөз менен кемсинткен же физикалык күч колдонгон зомбулукка дуушар болушкан. Мындай 32 аялга таасир эткен окуялардын көбү ачыктан-ачык аялдарды тымызын орой сөздөр менен кемсинткен комментарийлер алардын дарегине айтылган.

## ! НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР: СЕЙРЕК БИЛДИРҮҮЛӨР, АНДАН ДА СЕЙРЕК ЖАЗАЛАР

***Зомбулуктан жабырлануучулар өз тажрыйбаларын бейрасмий талкуулап, коомчулукка ачык айтуудан алыс болушат.*** Зомбулуктун жок дегенде бир учуруна туш болгон 441 аялдын 143ү (бардык жабырлануучулардын 32,4%) окуяны бейрасмий түрдө кимдир бирөө менен талкуулаганын ырасташты. Ал эми коомчулукта бул маселени көтөргөн аялдардын үлүшү болгону 3,4%ды түздү. Аял-талапкерлер көбүнчө маселени бейрасмий түрдө үй-бүлө мүчөлөрү жана жакын досторү менен, азыраак деңгээлде партиясынын мүчөлөрү жана партия лидерлери менен  талкуулоону чечкен.

***Партиялар саясатта аялдарга карата  зомбулуктан жабырлануучуларга тийиштүү көңүл бурушкан эмес.*** Чынында эле, аял-талапкерлер үчүн партиянын ичинде  колдоо табуу же отчеттуулукту издөө мүмкүн эмес. Партияда зомбулукка кабылган аялдардын 12%ы гана саясий партиясында аялдарга карата сексуалдык ыдык көрсөтүү , басмырлоо же зомбулук маселелерин жөнгө салуучу Жүрүм-турум  же Этикалык кодекстер бар экенин айтышкан.

***Зомбулук тууралуу билдирүүлөр өтө аз.*** Зомбулук тууралуу билдирүүлөрдүн деңгээли өтө төмөн бойдон калууда. Респонденттердин 104ү,  жабырлануучулардын 23,6%ы гана аялдарга карата куугунтуктоо, басмырлоо же зомбулук боюнча расмий даттануу механизми бар экенин билишкенин айтышкан. Алардын ичинен 11 адам гана расмий арыз менен кайрылган, ал жабырлануучулардын 2,5%ын түзөт. Жалпысынан 16 арыз келип, үч учурда зомбулук көрсөткөн адам күнөөлүү деп табылган.

***«Олуттуу эмес»: зомбулук норма деп эсептелет.*** Жабырлануучулардын көпчүлүгү (430 адам же 97,5%) расмий арыз менен кайрылышкан эмес. Мунун негизги себептери төмөнкүлөр болгон: респонденттер расмий даттанууну  негиз катары көрүшкөн эмес (жооптордун 50,3%), коркуу жана ишенимсиздик сезими (32,2%), маалымдуулуктун же ресурстардын жоктугу (11,3%).

# Расмий даттануулар кимге жөнөтүлдү?




## Зомбулукка байланыштуу расмий даттануулардын жыйынтыктары

| Даттанууларды кароонун жыйынтыктары | Саны |
|---|---|
| Зомбулук көрсөткөндөр күнөөлүү деп табылган | 3 |
| Айыптар алынып салынды | 2 |
| Иш каралууда | 3 |
| Мен билгенден эч кандай чара көрүлгөн жок | 3 |
| Мен арызды кайтарып алдым | 1 |
| Билбейм | 1 |
| Башка | 2 |

Мисал келтирсек, аял-талапкер сотко зомбулук жөнүндө арыз менен кайрылып, бирок акыры ишти токтотууну чечкен. Үгүт кампаниясы учурунда, ал жокто анын үйүнө башка талапкердин тарапкерлери келишип бейбаштык иш-аракеттерди жасашкан. Балдарын видеого тартып, кийинчерээк, түнкүсүн кайтып келип, эшикти тепкилешкен. Бирок сотко арыз менен кайрылуу эч кандай жыйынтык алып келген эмес

***«Азыр мен сотко ишенбейм. Биз сотко келгенибизде судья бизди 2-3 жолу залдан кууп чыгып, «өз ара тил табышуу чечимине келүүгө» чакырды. Алар [бейбаштык жасагандар] мени шылдыңдай беришти. […] Андан тышкары, ал киши мени сабады деп айыптап, каршы доо арыз менен кайрылган. Ал, эркек… Мындан тышкары, ар бир соттук отурумга барууга жолго 400-500 сом сарпталып, кимдир бирөө оорун калгандыктан же күбөлөр керек болгондуктан соттук отурумдар болбой калчу. Мен баарын Кудайга койдум деп ишти токтоттум».***

## ! НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР: УЛУТТУК ПАРЛАМЕНТКЕ ТАЛАПКЕРЛЕРДИН АРАСЫНДА САЗДЫН ДЕҢГЭЭЛИ ЖОГОРУ

Парламенттик шайлоодо аял-талапкерлердин арасындагы 105 респонденттин 81и шайлоо кампания учурунда жок дегенде бир жолу зомбулукка туш болгон, бул улуттук шайлоолордогу аял-талапкерлердин арасындагы зомбулук учурларынын жалпы санынын 77,1%ын түзөт. Көпчүлүк шайлоолорго салыштырмалуу пропорционалдык өкүлчүлүк (пр) системасы аркылуу талапкер болгон аялдар арасында зомбулук көбүрөөк кездешкен. Жергиликтүү шайлоолордогудай эле, зомбулуктун эң кеңири таралган түрү – психологиялык зомбулук, ошол эле учурда, зомбулук көбүнчө социалдык тармактарда жана үгүт учурундагы жолугушууларда кездешет.

Улуттук парламентке талапкерлердин зомбулук боюнча арыздарынын саны өтө төмөн болгон, 81 жабырлануучунун үчөө гана расмий арыз менен кайрылган. Арыз берүүдөн баш тартуунун эң кеңири таралган себеби, зомбулук учурларын даттануу маанилүү эмес деп эсептегендик.

### Парламенттик шайлоодо саясаттагы аялдарга карата зомбулуктун түрлөрү

| Зомбулуктун түрү | Жабырлануучулардын саны | Жайылышы (%) |
|---|---|---|
| Психологиялык зомбулук | 73 | 69,5 |
| Сексуалдык ыдык көрсөтүү | 44 | 41,9 |
| Экономикалык зомбулук | 37 | 35,2 |
| Физикалык күч колдонуу | 3 | 2,9 |
| Сексуалдык зомбулук | 1 | 1,0 |

**Зомбулук контексти.** Аял-талапкерлер шайлоо кампаниясы учурунда бардык жагдайларда зомбулукка туш болушкан. Эң көп жайылышы социалдык медианын контекстинде байкалган: шайлоо кампаниясында социалдык тармактарды колдонгон респонденттердин 67,5% зомбулуктун кеминде бир фактысы тууралуу билдирүү жасашкан

# Сунуштар

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде Кыргызстанда саясаттагы аялдарга карата зомбулукка каршы натыйжалуу күрөшүү үчүн төрт кеңири сунуш сунушталат.

## Саясаттагы аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү үчүн мыйзамдык жана саясий базаны бекемдөө.

Саясаттагы аялдарга карата зомбулуктун жайылышы бул көйгөйдүн түпкү себептерин чечүү үчүн өлкөнүн мыйзамдарын жана саясатын бекемдөө зарылдыгын баса белгилейт. Учурда колдонуудагы мыйзамдарда саясаттагы аялдарга карата зомбулуктун аныктамасы жок. Ошол сыяктуу эле, изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган Кыргызстанда САЗдын экинчи таралган түрү саясаттагы аялдарга сексуалдык ыдык көрсөтүү жөнүндө Кылмыш – жаза кодексинде берене жок. Саясаттагы аялдарга карата зомбулук жасаган адамдарды жоопко тартуу үчүн адекваттуу укуктук негизди камсыз кылуу үчүн өкмөттүн, парламенттин жана өлкөнүн жарандык коомунун биргелешкен аракеттери керек.

Шайлоо органдарында тең салмактуу гендердик өкүлчүлүктү атайын чаралар аркылуу камсыз кылуу боюнча өкмөттүн милдеттенмелери аткарылбай калууда. 2021-жылы шайлоо мыйзамына киргизилген акыркы өзгөртүүлөр саясий партиялардын мыйзамды учурда колдонуудагы айрым кемчиликтерин жойду. Бирок, мажоритардык система боюнча бир мандаттуу шайлоону киргизүү оң өзгөрүүлөрдү жокко чыгарды, натыйжада улуттук парламенттеги аялдардын үлүшү мыйзамда белгиленген 30% гендердик квота жөнүндө нормадан төмөн болуп калды. 2024-жылдын март айында кабыл алынган «2030-жылга чейин аялдардын лидерлигин колдоо боюнча мамлекеттик программа» жогорудагы дал келбестикти баса белгилейт, бирок бул жогорку деңгээлдеги программа учурда колдонуудагы шайлоо мыйзамдарын түп-тамырынан бери өзгөртө албайт.

САЗга каршы күрөшүү – жабырлануучулардын зомбулук тууралу билдирүүлөрү үчүн иштелип чыккан жана учурда колдонуудагы укуктук жана саясий базадан көз каранды. Сурамжылоодогу маалыматтар көрсөткөндөй, жабырлануучулар расмий арыз беришпейт. Көпчүлүгү бул маселе юридикалык даттанууну талап кылбайт деп түшүндүрүшсө, башкалары корккондуктан же сот адилеттигине ишенбегендигинен (арыз бербеген жабырлануучулардын 32,2%), маалымдуулуктун же ресурстардын жетишсиздигинен (11,3%) арыз беришпейт. Бул боюнча бир катар ири иштерди жүргүзүү керектигин бул сандар көргөзүп турат. САЗдын ар бир потенциалдуу жабырлануучусу юридикалык органдарга кайрылуунун маанилүү экендигин түшүнүүсү зарыл жана акыйкатты издөө процесстерине ишеним артуусу керек. Маселени кеңири масштабда чечүү үчүн негизги маанилүү кадам

– бул арыз жазуу зарылдыгы, ал ар бир жабырлануучуга коопсуз болуп, зыян алып келбеши керек.

Мыйзамдардан тышкары, саясаттагы аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү стратегиялык мамлекеттик документтерге жана программаларга улуттук артыкчылык катары киргизилиши керек. Жогорку деңгээлдеги саясий документтерде саясаттагы аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүүнүн күчтүү жана ырааттуу багытын иштеп чыгуу маанилүү. Бирок, бул кадам саясаттагы аялдарга карата зомбулукка каршы мыйзамдык жоболорду аткарууну камсыз кылуу үчүн жетишсиз.

## Саясаттагы аялдарга карата зомбулукту жоюу, документтештирүү жана алдын алуу үчүн уюштуруу саясатын жана жол-жоболорун иштеп чыгуу

Саясаттагы аялдар ар кандай расмий институттар менен, анын ичинде саясий партиялар, шайлоону башкаруу органдары жана жергиликтүү бийлик менен иштешет . Бул институттардын уюштуруу процесстерине, жол-жоболоруна жана маданиятына саясаттагы аялдарга карата зомбулукка каршы чаралардын киргизилиши маанилүү. САЗ менен күрөшүү боюнча оперативдүү иш-чараларды айтпаганда, Кыргызстанда көптөгөн саясий партиялардын өткөн шайлоолордо өз талапкерлеринин толук реестринин жок экендиги бул көйгөйдүн далили болуп саналат.

Саясий партиялар САЗга тийиштүү зарыл болгон эрежелерди жана документтерди иштеп чыгуу боюнча өз күч-аракеттерин активдештирип, аларды бардык кызыкдар тараптарга, анын ичинде аял-талапкерлерге жеткирүүгө тийиш. Партиялар көрсөткөн 515 талапкердин ичинен сегиз гана респондент алардын партиясында аялдарга карата сексуалдык ыдык көрсөтүү , басмырлоо жана зомбулук маселелерин жөнгө салуучу Жүрүм-турум же Этика кодекси бар экенин ырасташты. Партияларда аталган документтердин бар экендигине карабастан, маалымдуулуктун мындай төмөн деңгээли саясий партиялардын ичиндеги гендердик басмырлоого жана зомбулукка каршы күрөшүүгө багытталган чаралардын начар уюшулгандыгын айгинелейт.

Аял-талапкерлердин шайлоо тажрыйбасын камсыз кылууда негизги ролду ойногон институттар, анын ичинде шайлоо комиссиялары, укук коргоо органдары, жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги мамлекеттик органдар, ошондой эле сот органдары, САЗ жаатындагы комплекстүү саясатты иштеп чыгууга жана өзүнүн операциялык системасына киргизүүгө тийиш. Ал саясаттагы аялдарга карата зомбулукту натыйжалуу аныктоого, четтетүүгө жана алдын алууга багытталышы керек. Потенциалдуу жабырлануучулар зомбулук жөнүндө кабарлоо жана колдоо издөө үчүн коопсуз жана ишенимдүү механизмдерди жакшы билиши керек. Укук коргоо органдары жана сот адилеттиги система-

лары саясаттагы аялдарга карата зомбулук учурларын кароонун жана ага жооп кайтаруунун механизмдерин киргизүүгө тийиш. Өкмөт көз карандысыз эксперттерди тартуу менен тиешелүү мекемелерде гендердик өзүн-өзү баалоону жүргүзүп жана алынган жыйынтыктарды коомчулукка жарыялоо менен мындай чараларды тездетүүгө жардам бере алат.

## Саясаттагы аялдарга карата зомбулукту аныктоо, жоюу жана алдын алуу үчүн коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу

Коомдо саясаттагы аялдарга карата зомбулук жөнүндө маалымдуулукту тез арада жогорулатуу зарыл. Сурамжылоодогу маалыматтар көрсөткөндөй, Кыргызстанда психологиялык зомбулук САЗдын басымдуу түрү болуп саналат. Бул мыйзам базасынын төмөндүгүн гана эмес, аялдарды кемсинтүүгө, басмырлоого жол берген жана аяр мамиле жасай албаган маданияттын деңгээли деп түшүнсөк болот. Бул саясий элитанын гана көйгөйү эмес. Сурамжылоонун жыйынтыктары айтып тургандай, коомдун мүчөлөрү омбулук жасаган адамдардын олуттуу категориясы болуп саналат, демек бул, коомчулуктун мындай жүрүм-турумду кеңири кабыл алгандыгынын күбөсү десек болот.

Гендердик квоталар – аялдарга берилген жеңилдик эмес, мамлекеттик маанидеги маселе экендигин өкмөт жана жарандык коом биргелешип жарыялашы керек. Башка сөз менен айтканда, аялдардын шайлоо органдарында өкүлчүлүгүн жогорулатуу боюнча атайын көрүлгөн чаралар аялдарга берилген артыкчылык эмес, өлкөнүн өнүгүшүнө кызмат кыла турган өкүлчүлүк экенин далилдеген кеңири консенсуска жетишүү керек. Мындай консенсус аял-талапкерлерге гендердик квоталардын эсебинен негизсиз артыкчылыктар берилип жатат деген адилетсиз айыптоолордун тенденциясын солгундатат.

Түптөлгөн маданий нормалардын маанилүүлүгүн эске алуу менен, Өкмөт өлкөнүн билим берүү системасында гендердик теңчиликти жана зомбулукка карата нөлдүк толеранттуулукту жайылтуусу өтө маанилүү. Тиешелүү мыйзамдык жана саясий негиздерден тышкары, бул милдет эң жогорку деңгээлдеги чыныгы саясий милдеттенмени талап кылат.

## Саясаттагы аялдарды колдоо жана алардын кесиптик өнүгүүсүн инвестициялоо

Саясаттагы аялдарга карата зомбулукту натыйжалуу чечүү жана ага каршы күрөшүү өкмөт, жарандык коом жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр саясаттагы аялдарды колдоо үчүн кызматташуусу зарыл.

Бул айрыкча жергиликтүү кеңештерге шайлоолорго тиешелүү, анда аял-талапкерлер шайлоо өнөктүгүн толук убакыттагы жумушу жана үйүндөгү «көрүнбөгөн эмгеги» менен айкалыштырышат. Мындан тышкары, айыл жерлеринде кесиптик өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү азыраак жеткиликтүү.

Жергиликтүү жана улуттук деңгээлде партиялар аралык аялдардын топторун түзүү саясаттагы аялдардын өз ара колдоо көрсөтүүсүн камсыз кылып, САЗга каршы күрөшүү боюнча чараларды биргелешип иштеп чыгууну жана илгерилетүүнү камсыздай алат. Гендердик квоталарды киргизүү сыяктуу эң маанилүү мыйзам демилгелери мурда дал ушул партиялар аралык аялдар топтору тарабынан көтөрүлгөн.

Өкмөт 2024-жылдын март айында кабыл алган «2030-жылга чейин аялдардын лидерлигин колдоо мамлекеттик программаны» ишке ашырууну толугу менен колдоого алышы керек. Бул программанын негизги максаттарынын бири - жетектөөчү кызмат орундарына аял-талапкерлерди окуту, даярдоо аркылуу саясий чечимдерди кабыл алуу процессинде аялдардын өкүлчүлүгүн жогорулатуу. Бул максатты натыйжалуу ишке ашыруу саясаттагы аялдарга карата зомбулукту жоюу үчүн ишенимдүү негиз боло алат.

**БУУнун Аялдар түзүмү— Бириккен Улуттар Уюмунун гендердик теңчиликке жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө арналган бөлүмү. БУУнун Аялдар түзүмү аялдардын жана кыздардын укуктарын глобалдык коргоочу болуп саналат жана дүйнө жүзү боюнча алардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн прогрессти тездетүү үчүн түзүлгөн.**

БУУнун Аялдар түзүмү БУУнун мүчө мамлекеттерин гендердик теңчиликке жетүү үчүн глобалдык стандарттарды түзүүдө колдойт жана өкмөттөр жана жарандык коом менен бул стандарттарды натыйжалуу ишке ашыруу жана дүйнө жүзү боюнча аялдар менен кыздарга реалдуу пайда алып келүү үчүн зарыл болгон мыйзамдарды, саясаттарды, программаларды жана кызматтарды иштеп чыгуу үчүн кызматташат.

БУУнун Аялдар түзүмү аялдар жана кыздар үчүн Туруктуу өнүгүү максаттарынын көз карашын ишке ашыруу үчүн глобалдык деңгээлде иштейт жана төрт стратегиялык артыкчылыкка басым жасоо менен аялдардын жашоонун бардык чөйрөлөрүндө бирдей катышуусун жактайт: аялдар башкаруу тутумдарынан бирдей пайда алып, катышат жана башкарат; аялдар экономикалык коопсуздукка, татыктуу жумушка жана экономикалык көз карандысыздыкка ээ; бардык аялдар жана кыздар зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүнөн эркин жашашат; Аялдар жана кыздар туруктуу тынчтыкты курууга жана табигый кырсыктарга жана чыр-чатактарга туруктуулукту курууга салым кошуп, көбүрөөк таасир этет, ошондой эле алдын алуу жана гуманитардык иш-аракеттерден бирдей пайда алышат. БУУнун Аялдар түзүмү ошондой эле гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча БУУнун тутумунун ишин координациялайт жана илгерилетет.

www.unwomen.org
www.facebook.com/unwomen
www.youtube.com/unwomen
www.flickr.com/unwomen
www.instagram.com/unwomen
www.instagram.com/unwomenkyrgyzstan

220 East 42nd Street
New York, New York 10017, USA

ООН ЖЕНЩИНЫ